ДИН ТААНУУ / ТЕОЛОГИЯ

УДК: 291.62
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-462-466

**Абдукадыр кызы Б.**
PhD докторант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
buhamida.milawka@mail.ru
**Алимбеков О.Б.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mr.olzhobai@mail.ru;

# ХАНАФИЙ МАЗХАБЫ БОЮНЧА АКЫЙКАНЫН ӨКҮМҮ

**Аннотация.** Бул макалада акыйка курмандыгынын Ханафий мазхабы боюнча укуктук жана диний өкүмдөрү ар тараптуу каралат. Изилдөөдө акыйка ибадатынын тарыхый келип чыгышы, негиздери, арап жана Ислам коомдорундагы орду, хадистердеги далилдер жана мазхаб аалымдарынын пикирлери аркылуу бул амалды аткаруунун шарияттагы өкүмү баяндалат. Ошондой эле, акыйканын сүннөт же мубах экендиги тууралуу талаштар, аалымдардын пикирлери салыштырма талдоо аркылуу ачып берилет жана Ханафий мазхабындагы негизги фыкхий булактардагы түшүндүрмөлөр, Ханафий мазхабынын көрүнүктүү аалымдарынын сөздөрү талдоого алынат. Макалада, хадистер жана фыкх илиминин негизги булактары колдонулуп, коомдук жана руханий турмушка тийгизген таасири көрсөтүлөт. Изилдөө Ислам илимдерине кызыккан студенттер жана ислам укугу жаатында жаңы изилдөөчүлөр үчүн пайдалуу, теориялык, илимий маалыматтарды сунуш кылат.

**Негизги сөздөр:** Акыйка, курмандык чалуу, Ханафий мазхабы, фыкх, шариат, сүннөт, хадис, аалымдар, шарият, Ислам коому.

**Абдукадыр кызы Б.**
PhD докторант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
buhamida.milawka@mail.ru
**Алимбеков О.Б.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
mr.olzhobai@mail.ru

# ПОЛОЖЕНИЕ АКИКИ В ХАНАФИТСКОМ МАЗХАБЕ

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются правовые и религиозные постановления относительно жертвоприношения акика в рамках ханафитского мазхаба. В

исследовании анализируются историческое происхождение акики, её основы, место в арабском и исламском обществе, а также доводы из хадисов и мнения учёных мазхаба, которые определяют шариатский статус данного обряда. Особое внимание уделяется вопросам о том, является ли акика сунной или мустаҳабом, а также анализу основных фикховских источников ханафитского направления. В работе используются хадисы и ключевые труды по исламскому праву, что позволяет показать влияние акики на общественную и духовную жизнь мусульман. Статья представляет теоретическую и научную ценность для студентов и исследователей, интересующихся исламоведением и исламским правом.

**Ключевые слова:** акика, жертвоприношение, ханафитский мазхаб, фикх, шариат, сунна, хадис, учёные, исламское общество.

**B. Abdukadyr kyzy**
PhD doctoral student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
buhamida.milawka@mail.ru
**O. Alimbekov**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
mr.olzhobai@mail.ru

## THE RULING OF ʿAQĪQAH ACCORDING TO THE ḤANAFĪ MADHHAB

**Abstract.** This article examines the legal and religious rulings regarding the sacrifice of aqiqah according to the Hanafi school of jurisprudence. The study explores the historical origins, foundations, and significance of aqiqah in Arab and Islamic societies, as well as the evidences from hadiths and the opinions of Hanafi scholars that define its legal status in Sharia. Special attention is given to the scholarly discussions on whether aqiqah is a Sunnah or a mustahabb (recommended) act, with reference to key Hanafi jurisprudential sources. The research applies hadith literature and classical fiqh texts to demonstrate the social and spiritual impact of aqiqah on Muslim life. This paper provides theoretical and scholarly insights useful for students and researchers interested in Islamic studies and Islamic jurisprudence.

**Keywords:** Aqiqah, sacrificial offering, Hanafi school, fiqh, Sharia, Sunnah, hadith, scholars, Islamic society.

**Изилдөөнүн максаты.** Бул изилдөөнүн негизги максаты - акыйка амалын Ханафий мазхабынын фыкхий мурасындагы ордун, өкүмүн жана башка мазхабдардагы көз караштар менен салыштырып илимий негизде талдоо. Ошондой эле акыйканын тилдик жана шариаттык маанисин, анын тарыхый трансформациясын, фыкхий негиздерин жана аалымдардын ортосундагы пикирлерди изилдөө аркылуу ханафий мазхабындагы акыйканын акыркы өкүмүн тактоо.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Изилдөөнүн илимий тактыгын камсыз кылуу үчүн төмөнкү методология колдонулат:

Тарыхый-компаративдик метод. Акыйканын пайда болуу тарыхы жана Жахилият доорундагы формалары менен исламдагы орун алган маанисин салыштыруу. Негизги булактар — хадистер, асарлар жана фыкхий китептер жана Ханафий мазхабындагы аалымдардын пикирлерин системалаштырып, алардын ортосундагы логикалык байланышты чыгарып берүү. Салыштырма-укуктук метод. Ханафий мазхабындагы өкүмдү башка мазхабдардагы (шафий, малик, ханбали) өкүмдөр менен салыштырып, далилдердин күчүн жана айырмачылыктарын көрсөтүү. Жыйналган маалыматтарды иреттеп, акыйканын ханафий мазхабындагы соңку өкүмүн илимий жактан жыйынтыктоо.

Көпчүлүктүн назары Ислам динине бурулуп, дин кулачын кенен жая баштагандан тартып, Ислам тууралуу ар кыл суроолор үзүлбөстөн жаралып тураары турган иш. Мына ошол сымал суроолордун бири - акыйка маселеси.

Шариятыбызда бала төрөлгөндө эң алгач кулагына азан айтылып, андан кийин төрөлгөндөн жетинчи күнү чачы алынып, ат коюлуп, акыйка союлат.

Самуро Ибн Жундуб (родиаллоху анху) Пайгамбарыбыздан риваят кылган хадисте мындай дейт: Пайгамбарыбыз (Соллоллоху алайхи уа саллам) айтты: "Ар бир наристе акыйкасы менен күрөөдө турат. Төрөлгөндөн жетинчи күнү чачы алынып, ат коюлуп, кан чыгарылат [ жогоруда күрөөдө турат дегени, күрөөдөн кан чыгаруу менен кутулат дегендик]. [1, 2838]

Анткени акыйка чыгаруу - бул ошол төрөлгөн наристенин келечек жолунун кең болуусун, ар кандай балээ, кырсыктан алыс болуусун алдын алып, кадимки көзгө көрүнбөгөн бирок, ыймандын көзү менен көрүлө турган жамандыктардан тосот.

Ханафий мазхабынында акыйканын өкүмү эң туурасы мубах амал болуп саналат. Тактап айтканда мусулман адамга бул маселеде тандоо укугу берилет, кааласа кылат, каалабаса жок. Ошондой эле мустахаб деп айтылган пикирлер да бар, бирок сүннөт же важип эмес экендиги айдан ачык.

«Акыйка» түшүнүгү исламда бала төрөлгөндө союла турган курмандык катары белгилүү. Бул түшүнүк тилдик жана терминологиялык жактан да өзгөчө мааниге ээ. Бирок, акыйканын шарияттагы өкүмү тууралуу мазхабдар арасында айырмачылыктар бар. Бул макалада акыйканын тилибиздеги жана шариаттагы түшүнүктөрү, ошондой эле ханафий мазхабынын ал боюнча өкүмдөрү илимий түрдө каралат. Макалада Ханафий мазхабынын негизинде акыйканын өкүмү, анын далилдери, шарттары жана заманбап колдонулушу изилденет[1].

Жаңы төрөлгөн ымыркай үчүн, Аллах Таалага шүгүр катары чалынган курмандык “Акыйка курмандыгы” деп аталат.

**Тилдик мааниси.** Акыйка сөзү араб тилинде "عَقَّ يَعُقُّ عَقًّا" этишинен алынган сөз, «бир нерсени жарып же кесүү» дегенди билдирет. Ошондой эле жаңы төрөлгөн наристенин чачы кыркылып, ал акыйка деп аталат. Ошондуктан бул чачты “акыйка” деп аташкан, анткени ал бала менен байланыштуу нерсе, аны кыркышат, тарашат жана аны курмандык менен кошо кыркып, толугу менен жок кылышат[2, т. 26, 171 б.; 3, т. 1, 62 б.].

**Шариаттык мааниси.** Шариаттык түшүнүктө акыйка — бул төрөлгөн бала үчүн союлуучу мал. Айрым риваяттарда жаңы төрөлгөн бала үчүн элдер чакырылып, мал союлуп, тамак берүүнү да акыйка деп аташат.

Баланын төрөлгөнүнө жети күн болгондо, анын чачын кыркуу, ошол чачтын салмагындай алтын же күмүш садака кылуу жана курмандык чалынат. Ымыркай кыз же эркек бала болсо да, бирден курмандык чалынат. Эркек бала үчүн эки курмандык чалууну айткан аалымдар да бар.

**Акыйка курмандыгын чалуу ханафий мазхабында мубах** [ Кылса сооп кылбаса күнөө эмес] **амал**

Ханафий мазхабындагы эң улуу аалымдардын бири ( Самаркандинин күйөө баласы) Имам Каъсани (рахимахуллах) мындай дейт: " Бизде уул балага да кызга да акыйка кылынбайт.[5] Акыйка – бул мубах амал. Пайгамбарыбыз ﷺ Хасан жана Хусейн үчүн акыйка чалган. Алар тууралуу: «Киши кожоңор үчүн акыйка чалгыла» – деген хадис келген[4, 2841] .Ал хадистин өкүмү кеткен. Ошол себептен өкүмү мубахка айланган".

Имам Шафи'и жана башка айрым мазхаб аалымдарынын пикиринде, акыйка сүннөт амал.[5] Бул нерсеге ал Пайгамбарыбыз (Аллахтын саламы жана салаваты болсун) Хасан жана Хусейн үчүн акыйкага эки койдон сойгонун далил келтирет [4, 2841].

Ханафий мазхабында болсо, "Курман айтта союлган Курмандык мурдагы бардык курбандык өкүмдөрүн жокко чыгарат. Мисалы, мурда Ашура күнү орозо тутуу парз болгон, бирок кийин Рамазан айынын парз болушу менен ал өкүм жоюлган. Ошондой эле зекеттин фарз болушу мурдагы милдеттүү садакаларды жокко чыгарган. Ошондуктан акыйка да — Курмандыктан мурдагы амал катары — өкүмү жоюлган болуп эсептелет. Акыйка эч качан фарз болгон эмес, ал нафиль амал болгон. Анын өкүмү жоюлгандан кийин макрухка айланат"-деген [5, т. 5, 127-б.].

Имам Мулла Хусру (ханафий мазхабындагы улуу аалымдардын бири) мындай деген: "Имам Мухаммад Шайбани (рахимахуллах) мындай деген: "Акыйка кылган жакшы, кылбаса – күнөө жок, бул мубах (уруксат берилген) амал" [7, т. 1, 266 б.].

Имам Мухаммад Шайбани (рахимахуллах ) «Аль-Жамиъ ас-Сагир» эмгегинде мындай делет: "Акыйка ниети менен кичине бала үчүн да, кул үчүн да, кыз үчүн да курмандык чалынбайт, жана бул макрухка (жакшы көрүлбөгөн амалга) жакын экенине ишарат бар. Анткени акыйка мурда артыкчылык катары белгилүү болчу, эми болсо ал жоюлгандан кийин макрух бойдон калган..." Анткени Пайгамбар ﷺ мындай деп айткан: «Акыйка жөнүндө суралганда, Алла Таала: "Ким кааласа, эркек бала үчүн эки, кыз бала үчүн бир баш курмандык чалсын" – деген»". Бул болсо акыйка – мубах гана экенине далил, анткени аны кылуу каалоого байланыштуу, бул болсо мубахка (уруксат берилген) белги [7, т. 1, 266 б.].

Шейх Салах Абулхаж мындай дейт: «Акыйка – бул жаахилият доорунда жаңы төрөлгөн баланын жетинчи күнүндө чалынган курмандык, мусулмандар ислам доорунун башында кылышкан, бирок Курмандык милдеттуу кылынганда, акыйка амалын кылуунун окуму жокко чыгарылган. Ким кааласа кылсын кааалбаса кылбасын, рамазан орозосунан мурунку орозолор, зекеттен мурунку милдетуу садакалар жоюлган сыяктуу» [8, т. 4, 278 б.; 9, т. 17, 121 б.].

Пайгамбарыбыздын (Аллахтын саламы жана салаваты болсун) кызматчысы Абу Раафиьтен рыбаят кылынат : « Алини баласы Хасан (Аллах андан ыраазы болсун) төрөлгөндө апасы Фатима (Аллах андан ыраазы болсун) акыйкага эки кой чалмакчы болгондо Пайгамбар (Аллахтын саламы жана салаваты болсун) мындай деди: «Аны сойбо, бирок анын чачын алып, анын салмагынча күмүшту Алланын жолунда садага кыл» деди, кийин Хусейн төрөлгөндө да ушундай кылынган» [8, т. 4, 278 б.; 11, т. 1, 311 б.].

Амру ибн Шуъайб өзүнүн чоң атасы аркылуу риваят кылат: « Бир киши Пайгамбардан (Аллахтын саламы жана салаваты болсун) а кыйка чалуу туурасында сурады, ал: «Аллах акыйка дегенди жактырбайт...»(ал акыйка деген атты жактырбагандай), Алар айтышты: Оо Аллахтын элчиси биз балалуу болгондо союлсуу жандык жонундо сурап

жатабыз дешти, Пайганбар (Аллахтын саламы жана саласваты болсун) айтты:« Ким эркек баласы усун жандык союуну кааласа окшош эки кой,кыз учун бир кой союсун...» деди.

Бул нерсе акыйканын суннот болуусун четке кагат себеби пайганбарыбыз (Аллахтын саламы жана салаваты болсун) акыйка кылууну адамдын ыктыярына калтырды, жыйынтык акыйканын мубах экендигине далалт кылат [14, т. 1, 123 б.].

Ибрахим ан-Нахаи жана Мухаммад ибн аль-Ханафийа (разияллаху анхум) мындай дешкен: "Акыйка – бул жаахилияттагы амал болчу. Ислам келгенде ал жокко чыгарылган" [16, т. 1, 238 б.].

Ал эми имам Лакнавий мындай деген: «Акыйка күнү баланын чачын кыркыш мубах. Бул – милдет эмес, сүннөт да эмес. Ал жаахилият доорундагы амалдардын бири эле» [17, т. 1, 534 б.].

Имам Раззий мындай деп айткан: «...тууганга тамак берүү, акыйка, куттуктай баруу, сүннөт той, конокту тосуу, сапардан келгенди тосуп алуу жана өлүм – мунун бири да сүннөт эмес» [15, т. 1, 128 б.].

Шейх Салах Абу Хажж бул тууралуу Тухфа китебине берген түшүндүрмөсүндө: «Бул – мубах амал» – деп жыйынтыктаган [14, т. 1, 123 б.].

Корутунду

Ханафий мазхабына ылайык, акыйка амалын аткаруу — сүннөт да, важиб да эмес. Бул амал мубах, башкача айтканда, кааласа кылууга болот, каалабаса таштап койсо болот. Көптөгөн хадистерде акыйка амалын аткаруу адамдын өз эркине коюлган. Мындай тыянак Ханафий мазхабынын негизги фыкх булактарына жана аалымдардын изилдөөлөрүнө таянып чыгарылат.

Колдонулган адабияттардын тизмеси

1. Абу Дауд. Сунан Абу Дауд. — Бейрут: Дар Ибн Хазм, 2000. Т.1. — Б. 171. 497.
2. الزبيدي، محمد مرتضى الحسيني. تاج العروس من جواهر القاموس. – الكويت: وزارة الإعلام، 1965–2001. – 40 т.
3. الخليل بن أحمد الفراهيدي. كتاب العين. – طهران: أكاديمية العلوم الإيرانية، 1980. – 8 т.
4. أبو داود، سليمان بن الأشعث السجستاني. السنن. – بيروت: دار الفكر، 4 т.
5. الكاساني، علاء الدين أبو بكر بن مسعود. بدائع الصنائع في ترتيب الشرائع. – بيروت: دار الكتب العلمية، 1986. – 7 т.
6. المصنِّفي، برهان الدين. شرح السلام. – بيروت: دار الكتب العلمية، 4 т.
7. محمد بن فرامرز بن علي الشهير بملا خسرو. درر الأحكام شرح غرر الأحكام. – بيروت: دار إحياء الكتب العربية 1 т.
8. الدارقطني، علي بن عمر. سنن الدارقطني. – بيروت: دار المعرفة 4 т.
9. البوصيري، شهاب الدين أحمد بن أبي بكر. إعلاء السنن. – بيروت: دار الكتب العلمية 17 т.
10. الإمام أحمد بن حنبل. مسند الإمام أحمد بن حنبل. – بيروت: مؤسسة الرسالة, 1995. – 50 т.
11. الطبراني، سليمان بن أحمد. المعجم الكبير. – القاهرة: مكتبة ابن تيمية 25 т.
12. البيهقي، أحمد بن الحسين. السنن الكبرى. – بيروت: دار المعرفة, 1994. – 10 т.
13. صلاح محمد أبو الحاج. الجامع في أحكام الصيام والاعتكاف والحج والعمرة. – عمان: دار الجنان، 2006.
14. الإمام محمد عبد الحي اللكنوي (ت. 1304هـ). نفع المبتدي وسلوة المقتدي / تحقيق: صلاح محمد أبو الحاج. – بيروت: 534 ص.
15. محمد بن أبي بكر الرازي الحنفي. نفضات السلوك على تحفة الملوك / تحقيق: صلاح محمد أبو الحاج. – بيروت: دار الفاروق، 2006..
16. عبد الفتاح محمود البكار مكانة حقوق الطفل والمرأة في الشريعة الإسلامية محفوظة القاهرة: دار السلام للطباعة والنشر والتوزيع والترجمة، ١٤٢٧هـ - ٢٠٠٦م
17. فتاوى اللكنوي: المسماة نفع المفتي والسائل بجمع متفرقات المسائل. – بيروت: دار ابن حزم, ط. 1, 1422 هـ/2001 م. – 560 б.

**Рецензент: PhD доктор Мырзаибраимов С.А.**